**2024-жылдын 28-апрелине дайындалган №2 Баткен бир мандаттуу шайлоо округунан Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутатын шайлоого катышкан талапкерлердин ортосундагы**

# МЕМОРАНДУМ

Баткен ш. 2024-жылдын 6-апрели

Биз, төмөндө кол койгон Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин 2024-жылдын 28-апрелине дайындалган шайлоодо №2 Баткен бир мандаттуу шайлоо округу боюнча депутаттыгына талапкерлер,

Кыргыз Республикасынын жарандарынын байгерлик турмушун, социалдык-экономикалык өнүгүшүн жогорулатууга көмөк көрсөтүүгө, Кыргыз Республикасынын тынчтык, туруктуулук жана келечекте өсүп-өнүгүшүнө жалпы жоопкерчиликти аңдап сезүүгө умтулуп,

шайлоодо бардык катышуучулар үчүн жарандардын кызыкчылыктары артыкчылыктуу болууга тийиш экендигин, ал эми адамдарды колдоо реалдуу иштер гана кызмат кылынарын таанып,

Шайлоо реформасынын жүрүшүндө жетишилген шайлоонун жыйынтыктарынын аныктуулугу жана ачык-айкындулуугу, бирдей атаандаштык үчүн жакшы негиз болуп санала тургандыгын таануу менен, биз Кыргыз Республикасынын Конституциясына жана мыйзамдарына толук ылайыктуу таза жана адилеттүү шайлоо өткөрүүгө аракеттенебиз.

Борбордук шайлоо комиссиясынын, өкмөттүк эмес уюмдардын өкүлдөрүнүн жана коомдук байкоочулардын, жалпыга маалымдоо каражаттарынын катышуусунда ушул Меморандумга кол коюп жатып **эл алдында төмөндөгүлөргө милдеттенебиз:**

- Кыргыз Республикасынын Конституциясынын талаптарын кыйшаюсуз аткарууга, Кыргыз Республикасынын шайлоо жөнүндө мыйзамдарынын жана башка ченемдик укуктук актыларынын нормаларын сактоого;
- шайлоо өнөктүгүн ачык-айкындуулуктун жана өз ара урматтоонун, жарандардын кызыкчылыктары менен укуктарынын артыкчылыктуулугунун, мыйзамдын үстөмдүгүнүн принциптеринде жүргүзүүгө;
- катышып жаткан талапкерлер жана шайлоо процессинин башка катышуучулары менен конструктивдүү сүйлөшүүлөрдү жүргүзүүгө, саясий оппоненттер менен талаш-тартыштарды ачык, эл алдында мыйзамдын негизинде чечүүгө;
- шайлоо процессинде этикалык жана моралдык жүрүм-турумду сактоого, булганыч технологияларды пайдаланбай туруп үгүт иштерин жүргүзүүгө, бири бирибизге ак ниет мамиле жасоого;
- башка талапкерлердин ар-намысына, кадыр-баркына жана ишкердик беделине шек келтирген жалган маалыматтарды камтыган басылмаларды жалпыга маалымдоо каражаттарында, интернет-басылмаларда жана социалдык тармактарда таркатпоого;
- социалдык жаатташуу жана каршылашуу, жалаа жабуу, тике жана кыйыр түрдө диний тематиканы колдонуу же таянуу, ошондой эле күч колдонууга жана коомдук тартипти бузууга көкүтүү камтылган маалыматтарды, үгүт жана маалыматтык материалдарды интернет жана башка ресурстар аркылуу расмий же жашырын басып чыгарбоого жана жайылтпоого;
- добуш берүү күнүнө чейин жана добуш берүү күнү шайлоочулардын добуштарын сатып алууга өзүнүн катышуусун жана өз өкүлдөрүнүн, ишенимдүү адамдарынын, үгүт

жүргүзүүчүлөрдүн, туугандарынын, досторунун, тааныштарынын жана башка адамдардын катышуусун болтурбоого, шайлоочуларды сатып алууга каршы бардык чаралар менен күрөшүүгө, анын ичинде укук коргоо органдарына көмөк көрсөтүүгө;

- өздөрүнүн максаттарына жетүү үчүн административдик ресурстарды пайдаланууну, анын ичинде кызматтык же кызмат абалынын артыкчылыктарын пайдаланууну жокко чыгарууга;
- социалдык жаатташуу жана каршылашуу, жалаа жабуу, тике жана кыйыр түрдө диний тематиканы колдонуу же таянуу, ошондой эле күч колдонууга жана коомдук тартипти бузууга көкүтүү камтылган камтылган маалыматтарды, үгүт жана маалыматтык материалдарды интернет жана башка ресурстар аркылуу расмий же жашырын басып чыгарбоого жана жайылтпоого;
- добуш берүү жана добуштарды эсептөө процессинде, жарандардын өз эркин билдирүү эркиндигине укуксуз жолдор менен таасир этүү аракеттерди кылбоого;
- шайлоо процессинин бардык катышуучуларына карата ачык болуу жана сыйлоо принциптеринин негизинде таза жана акыйкат шайлоолорду өткөрүүгө ар тараптуу көмөктөшүүгө, шайлоо комиссияларына жана укук коргоо органдарына алардын ишине көмөк көрсөтүүгө;
- шайлоо өнөктүгү шайлоо алдындагы жана шайлоодон кийинки мезгилде жагымдуу жана тынч кырдаалга көмөктөшкөндөй жагдайда шайлоо өнөктүгүн уюштурууга жана өткөрүүгө
- Кыргыз Республикасынын мамлекеттик саясатынын чараларын колдоо жана шайлоонун мыйзамдуулугун, ачыктыгын, эркиндигин жана адилеттүүлүгүн камсыз кылууга багытталган шайлоо мыйзамдарынын толук ишке ашырылышына көмөктөшүү.

Биз шайлоо комиссияларынын мүчөлөрүн талапкерлер жана саясий партиялар менен өз ара аракеттенүү үчүн ак ниет жана ачык болууга, малекеттик органдар, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдар жана укук коргоо органдары – административдик ресурстарды колдонууга жол бербөөгө жана шайлоо процессинин бардык катышуучулары үчүн бирдей шарттарды камсыз кылууга, ал эми жалпыга маалымдоо каражаттарын- бурмалоолорго жана манипуляцияларга жол бербей туруп адилеттүү жана обьективдүү болууга чакырабыз.

Ушул Меморандум кол коюлган учурдан тартып күчүнө кирет.

Бирдей юридикалык күчкө ээ кыргыз жана орус тилдеринде эки нускада Баткен шаарында 2024-жылдын 6-апрелинде кол коюлду.

**1. Калпаев Бактыяр Алиевич**______________________________

**2. Салихов Кенеш Каримович**______________________________

**3. Шадыманов Бакытбек Адылбекович** ______________________________

**4. Мадалиев Асылбек Алтымышович** ______________________________

**5. Каработоев Джалил Исакович** ______________________________

6. **Кожонов Замирбек Ырысбаевич**______________________________

7. **Раимкулов Аширбай Омурзакович**______________________________

8. **Сатаров Акимали Сатыбалдыевич**______________________________

9. **Нишанбаев Тургунбай** ______________________________

10. **Ойтемиров Махмуд Гиесович** ______________________________

**МЕМОРАНДУМ**

**между кандидатами, участвующими на выборах депутата Жогорку Кенеша Кыргызской Республики по Баткенскому одномандатному избирательному округу №2, назначенных на 28 апреля 2024 года**

г. Баткен 6 апреля 2024г.

Мы, нижеподписавшиеся кандидаты в депутаты Жогорку Кенеша Кыргызской Республики по Баткенскому одномандатному избирательному округу №2 на выборах, назначенных на 28 апреля 2024 года,

стремясь способствовать повышению благосостояния граждан, социально-экономическому развитию Кыргызской Республики, осознавая общую ответственность за мир, стабильность и будущее развитие Кыргызской Республики,

признавая, что приоритетом на выборах для всех участников должны быть интересы граждан, а поддержку людей можно заслужить только реальными делами,

признавая, что достигнутые в ходе избирательной реформы достоверность и прозрачность итогов выборов являются хорошей основой для равной конкуренции, выступаем за проведение честных и справедливых выборов в полном соответствии с Конституцией и законодательством Кыргызской Республики.

Подписывая настоящий Меморандум в присутствии представителей Центральной избирательной комиссии, неправительственных организаций, международных и общественных наблюдателей, средств массовой информации и гражданских активистов, **публично обязуемся**:

- неукоснительно исполнять требования Конституции Кыргызской Республики, соблюдать нормы законодательства о выборах и других нормативных правовых актов Кыргызской Республики;
- вести избирательную кампанию на принципах открытости и взаимоуважения, приоритета интересов и прав граждан, верховенства закона,
- проводить конструктивный диалог с другими участниками избирательного процесса, решать споры в открытой, публичной дискуссии на основе закона,
- соблюдать в процессе выборов этические и моральные нормы, вести агитационную работу без использования грязных технологий, честно по отношению друг к другу,
- не распространять публикации в СМИ, интернет-изданиях и социальных сетях, содержащие ложные сведения, порочащие честь, достоинство и деловую репутацию других кандидатов;
- не издавать и не распространять официально или анонимно через интернет и другие ресурсы, информацию, агитационные и информационные материалы, содержащие угрозы социальной розни и вражды, клевету, прямые и косвенные заимствования или ссылки на религиозную тематику, а также подстрекающие к насилию и нарушению общественного порядка.
- исключить своё участие и участие своих представителей, доверенных лиц, агитаторов, родственников, друзей, знакомых и иных лиц в подкупе голосов избирателей до дня и в день голосования, всеми мерами бороться против подкупа избирателей, в том числе оказывать содействие правоохранительным органам;

- исключить использование административного ресурса для достижения своих целей, в том числе использование преимущества должностного или служебного положения;
- отказаться от любых попыток неправомерного воздействия на свободу волеизъявления граждан, на процесс голосования и подсчёта голосов, не нарушать тайну голосования,
- всемерно способствовать проведению честных и справедливых выборов на основе принципов открытости и уважения ко всем участникам избирательного процесса, оказывать содействие избирательным комиссиям и правоохранительным органам в их деятельности;
- организовать и провести избирательную кампанию так, чтобы она способствовала благоприятной и мирной обстановке в предвыборный период и после выборов;
- поддерживать меры государственной политики Кыргызской Республики и способствовать полноценной реализации норм избирательного законодательства, направленных на обеспечение законности, прозрачности, свободы и справедливости выборов.

Мы призываем членов избирательных комиссий быть беспристрастными и открытыми для взаимодействия с кандидатами, государственные органы, органы местного самоуправления и правоохранительные органы – не допускать применения административного ресурса и обеспечить равные условия для участников избирательного процесса, а средства массовой информации – быть честными и объективными, не допуская искажений и манипуляции.

Настоящий Меморандум вступает в силу с момента его подписания.

Подписано 6 апреля 2024 года в городе Баткен на кыргызском и русском языках в двух экземплярах, имеющих равную юридическую силу.

**1. Калпаев Бактыяр Алиевич** ______________________

**2. Салихов Кенеш Каримович** ______________________

**3. Шадыманов Бакытбек Адылбекович** ______________________

**4. Мадалиев Асылбек Алтымышович** ______________________

**5. Каработоев Джалил Исакович** ______________________

**6. Кожонов Замирбек Ырысбаевич** ______________________

**7. Раимкулов Аширбай Омурзакович** ______________________

**8. Сатаров Акимали Сатыбалдыевич** ______________________

**9. Нишанбаев Тургунбай** ______________________________

**10. Ойтемиров Махмуд Гиесович** ______________________________